сапатына ишенимдүүлүгүн тастыктаган документтерди тиркөө менен кызматкер толтурган баалоо баракчасын) кийинки отчеттук мезгил башталганга чейин10 кун мурда жүргүзүлөт.

2.4.Берилген документтерди кароонун натыйжалары боюнча катышкан комиссиянын мүчөлөрү кол койгон ар бир кызматкерге баа баракчасы түзүлөт.

2.5. Ар бир кызматкер үчүн жалпы упайларынын санын көрсөткөн жыйынтыктоочу упайлар баракчасы кызматкерлер жамаатына берилет.

## 3.Мугалимдин кесиптик ишин баалоо боюнча аппеляциялык арыз берүү тартиби:

3.1. А.Тилекеев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде эмгектенген кызматкер баалоо баракчасы жарыяланган күндөн тартып үч күндүн ичинде өзүнүн ишмердүүлүгүнүн туура эмес баалангандыгы тууралуу макул эместигин билдирип,жазуу түрүндө арыз менен кайрылууга укуктуу.

3.2.Комиссия кызматкердин жүйөлүү арызын текшерүүгө жана текшерүүнүн натыйжалары боюнча толук жооп берүүгө милдеттүү.

3.3.Аппеляция берүү үчүн берилген 3 күндөн кийин,эсептик көрсөткүчтөр мектеп директору тарабынан бекитилет жана күчүнө кирет.